
# Ой жүгүртүү



Мугалим:Рыскелдиева А.З

- Үлгү: 1.Адам дүйнөнү беш сезүү органдары аркылуу таанып-билет (тезис). 2.Алардын ар бири биз үчүн өтө маанилүү. 3.*Мисалы: Эгер* көз болбосо, анда жашоо кызыксыз болмок. 4.*Себеби* көз аркылуу курчап турган чөйрөдөгү түстөрдү алардын абалын, санын, кыймылын көрөбүз. 5.Биздин иш-аракетибиз, жашообуз көрүү органына көз каранды (далилдер).
- 6. *Демек*, ар дайым көзүбүзгө кам көргөндү унутпайлы (жыйынтык).
- 1-сүйлөмдө негизги ой камтылган. Бул-тезис. 3-5-сүйлөмдө далилдер берилди.
- 6-сүйлөмдө ой жыйынтыкталды.

- **Ой жүгүртүү тексттинде төмөнкүдөй тил каражаттары берилет.**
- **Ойду далилдөөчү тил каражаттары:**
- Анткени, себеби, ошондуктан, ошол үчүн, ошол себептүү, ал үчүн, ошентсе да, бирок, ошондой болсо да, биринчиден, экинчиден, шексиз, сөзсүз, ыктымал, тийиш ж.б.
- **Ойду жыйынтыктоочу тил каражаттары**
- демек, жыйынтыктап айтканда, кыскасы, башкача айтканда, жалпылап айтканда ж.б.

# *Текстти окуп чыккыла. Окуяны улап, же өз алдынча ой толгоо жазгыла.*



**Илегилек**

Карыя Осмон учуп кетти. Ал чындап эле жылдыздардын бирине жетип, ал жактан туугандарын таап алдыбы, өзү тоонун аркасына барып талкаланып калдыбы- аны эч ким билбейт. Бирок асманга көз чаптырып калганымда, жайнаган жылдыздардын арасында  карыя Осмон жүргөнсүйт. Балким, ал чын эле ошол жакта жүргөндүр. Эгер андай болсо, мен ишенем, анын жылдыздагы туугандары Осмондун илегилек менен сүйлөшкөнүн жиндилик катары эмес, жөн эле ар бир тирүү жанга тиешелүү ой жүгүртүү деп билет. Демек, Осмон өз тилегине жетти.

Акырында айта кете турган нерсе: ушинтип менин жылдыздарды карап, кыялданып жүргөнүмдү көрүп, үйдөгүлөр акыркы убакта мени шек менен карай турган болду. Эмне болду экен?..